## “Кыргыз Альманахы” илимий макалаларды кабыл алууну жарыялайт!

Жорж Вашингтон университетинин Борбордук Азия боюнча долбоору “Кыргыз Альманахы” журналына кыргыз тилиндеги илимий макалаларды кабыл алат. Илимий эмгектер антропология, журналистика, тарых (XIX-XX кылымдар), саясат таануу, социология, филология, философия жана экономика сыяктуу социалдык жана гуманитардык тармактардагы эмпирикалык жана теоретикалык изилдөөлөрдү камтышы керек.

Жөнөтүлгөн макалалар редакциялык коллегия жана көз карандысыз эксперттер тарабынан каралат. Авторлордун аты жашырылып, илимий иштер эки баскычтуу **рецензиядан** өтөт. Басып чыгарууга тандалып алынган эмгектер ISBN номери менен долбоордун веб-сайтында 2021-жылдын аягында жайгаштырылып, жалпы коомчулукка https://centralasiaprogram.org/archives/18468 дареги боюнча жеткиликтүү болот.

Макалалар төмөндөгү критерийлер менен тандалат:

* Изилдөө темасынын актуалдуулугу жана илимий баалуулугу,
* Изилдөөнүн теориялык жана методикалык ырааттуулугу,
* Изилдөөнүн өзгөчөлүгү, илимий адабиятка кошкон салымы.

Журналдын **максаты** – кыргыз тилдүү илимпоздордун илимий иштерин кеңири коомчулукка таанытуу жана ар кандай илимий топтордун ортосунда диалог түзүү.

Илимий иштердин **көлөмү** 6000-9000 сөздөн туруп, адабияттардын тизмеси жана шилтемелер Гарвард стили боюнча жазылыш керек (Үлгүсүн ылдыйдан карагыла). Макаланын башында аннотация жана ачкыч сөздөр кыргыз, орус жана англис тилинде берилиши керек. Аннотация 200 сөзгө чейин болушу абзел.

Илимий эмгектерди жөнөтүүнүн акыркы күнү **2021-жылдын 31-марты**.

Макалаңызды **infocap@gwu.edu** электрондук дарегине жөнөтүңүз.

Суроолор болсо, **kyrgyzalmanac@gmail.com** дарегине кайрылыңыз.

## Адабияттардын тизмесин түзүү жана шилтемелерди берүү үчүн Гарвард стилинин үлгүсү

Макаланын ичинде шилтеме берүү: цитатадан кийин тегерек кашаанын ичинде фамилия жазылып, үтүр коюлат. Андан кийин чыккан жылы жазылып, кош чекиттен кийин бети жазылат. Мисалы, “Биздин үйгө бакыт келди” (Касымов, 2012: 14).

Адабияттардын тизмесинин макаланын аягында берилиши: Тизмеде колдонулган адабияттар тууралуу толук маалымат камтылышы керек.

**ГАРВАРД СТИЛИ боюнча адабияттардын тизмесин түзүү**

**жана шилтемелерди берүү үлгүсү**

**Бир авторлуу китеп**

| (Автор) | (жыл) | (аталыш) | (чыгарылыш) | (чыккан жер) | (типография) |
|---|---|---|---|---|---|
| Касымов, А. | (2012). | *Кыргыз үй-бүлөсү.* | 2-басылышы. | Бишкек: | Учкун басмаканасы. |

**Эки же андан көп авторлуу китеп**

Касымов, А. жана Акимов Т. (2012). *Кыргыз үй-бүлөсү.* 2-басылышы. Бишкек: Учкун басмаканасы.

**Бир авторлуу МАКАЛА**

| (Автор) | (жыл) | (макала аты) | (журнал аты) | (саны, сериясы) | (макаланын беттери) |
|---|---|---|---|---|---|
| Нуров, А. | (2018). | Баба салты жана наркы. | *Известия Вузов,* | 22 (1), | 147-161 |

**Эки же андан көп авторлуу МАКАЛА**

Нуров, А. жана Акимов Т. (2018). Баба салты жана наркы. *Известия Вузов,* 22 (1), 147-161

**Интернеттен алынган маалымат**

Касымов. А. (2012). *Кыргыз үй-бүлөсү.* (Онлайн)

Төмөнкү сайттан алынды: http://www.talkorigins.org/faqs/horses/horse_evol.html (2021-жылдын 03 март күнү алынды)

**Эгерде чет тилдеги илимий булак колдонулса, ал түпкү нускада жазылып, чарчы кашаанын ичинде макаланын аталышынын кыргыз тилиндеги котормосу берилет. Андан кийин чекит коюлуп чыккан жери жазылат.**

Мисалы:

Smith, Anthony (1986). *The ethnic origins of nations* [*Улуттардын этникалык башаты*]. Oxford: Blackwell.